УДК: 796.011.3

Сулайманов С.Э., Мааткеримов Н.О.
*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# КЕЛЕЧЕКТЕГИ ДЕНЕ ТАРБИЯ МУГАЛИМДЕРИНИН КЕСИПТИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУ

*Макалада болочок дене тарбия мугалимдеринин кесиптик компетенттүүлүгү түшүнүгүнө талдоо жүргүзүлүп ачыкталган. Студенттерге кесиптик компетенцияларды калыптандыруу усулдары, каражаттары көрсөтүлгөн. ЖОЖдогу окуу процессинин заманбап практикасынын иликтөөлөрүнүн негизинде алардын негизги компетенцияларын калыптандыруу багыттары белгиленген.*

***Негизги сөздөр:*** *болочок дене тарбия мугалими, кесиптик компетенттүүлүк, анын компоненттери, педагогикалык маданият, компетенттүүлүктү калыптоо каражаттары.*

*В статье проведен анализ и определено понятие профессиональной компетентности будущих учителей физической культуры. Описаны методы, средства формирования профессиональных компетенций у студентов. На основе исследования современной практики учебного процесса вузов намечены направления формирования их основных компетенций.*

***Ключевые слова:*** *будущий учитель физической культуры, профессиональная компетентность, ее компоненты, педагогическая культура, средства формирования компетентности.*

*The article analyzes and determines the concept of professional competence of future teachers of physical culture. The methods and means of forming professional competencies by students are determined.On the basis of research of a modern practice of educational process in higer educational institutions the formation of fundamental competences are outlined.*

***Key words.*** *A future teacher of physical culture, professional competence, its components, pedagogical culture, means of competence forming.*

Инсандык багытталган билим берүүнүн талаптарынын алкагында болочок мугалимдерди даярдоонун максаты болуп студенттердин жогорку жалпы маданиятты болжоочу кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу, өзгөчө жеке сапаттар (гумандуулук, кызматташууга шыктуулук, кабылдоо), гумандуулук жана маданияттышуу ишмердүүлүгүндө анын өз алдынчалуулук, чыгармачылык, инсанга багытталган педагогикалык ишмердүүлүгүө даярдыгы (ишмердүүлүк жана өздүк тажрыйбалардын деңгээлинде) калат.

Жогорку педагогикалык билимдин өзгөчөлүгү билим берүү жана социалдык-маданий чөйрөнү педагогикалык, анын ичинде дене тарбиялык каражаттар менен активдүү жана жемиштүү кайра курууга ишке ашыра алган болочок мугалимдин өз алдынчалыгын өнүктүрүүдө жатат. Жогорку мектепте дене тарбия процессинде гумандаштыруу жөнөкөй инсан сапаттарын тарбиялоодон өзүнүн организмин билүү, тазалык жана сергек жашоого негизделген дене тарбиялык сабаттуулукка өтүүнү алдын алат.

Заманбап дүйнөдө адамдын жана коомдун алдыга умтулуу факторундай дене тарбиянын ролу көз көрүнө өсүүдө. Сергек жашоо, дене тарбия жана спорт – күч жана улуттук демилгени бириктирүүчү социалдык «феномен» болуп калат, күчтүү мамлекетти жана дени сак коомду өнүктүрүүнү жөндөйт. Коом жана анын мүчөлөрү тарабынан алардын кесиптик компетенттүүлүгүнүн деңгээлине жараша дене тарбия жана спорт чөйрөсүн тейлөөчү адистерди даярдоонун сапатына талаптар өсүп жатат [1].

Кесиптик компетенттүүлүк мугалимдин тажрыйбасы жана өздүк мүмкүнчүлүктөрү кесиптик билимдин деңгээлинде өзгөчөлөнгөн категория катары каралат жана технологиялык-педагогикалык даярдык менен катар кесиптик маселелерди чечүүгө, анын гумандуу педагогикалык көз карашы, кесиптик ишмердүүлүккө баалуулук мамилеси менен жалпы жана адистик маданияттын жогорку деңгээли болжолдонот.

«Кесиптик компетенттүүлүк» деген педагогиканын теориясында мугалимге кесиптик

шарттуу талаптардын жыйындысын билдирет жана «квалификациялык мүнөздөмө», «адистин профессиограммасы», «кесиптик даярдык», «кесипкөйлүк» сыяктуу түшүнүктөр менен колдонулат.

Россиялык окумуштуу-педагогдордун кароосунун чегинде мугалимдин адистик компетенттүүлүгү кесиптик педагогикалык ишмердүүлүктүн кырдаалдарында келип чыккан кесиптик маселелерди жана күндөлүк ишмердүүлүк тапшырмаларды билимди, кесиптик жана турмуштук тажрыйбаларды колдонуу менен чечүү шыгын белгилеген интегралдык мүнөздөмө катары түшүндүрүлөт [2].

Кесиптик компетенттүүлүктүн негизги компетенттери катары үч блокту кароого болот: психологиялык-педагогикалык сабаттуулук, методологиялык-педагогикалык билгичтик, кесиптик-менчик сапаттар ж.б. Бул – ишмердүүлүктүн мүнөзүнөн айныксыз өскөн, педагогикалык ишмердүүлүк процессинен бөлүнбөгөн сапаттар. Андыктан биз кесиптик-педагогикалык компетенттүүлүк – бул жалпыланган өздүк билим, өзүнө анын теориялык-усулдук, психологиялык-педагогикалык, усулдук жана тажрыйбалык даярдык, педагогикалык милдеттерди чечүү каражаттары жана кесипкөй педагогикалык критерийлери деп эсептейбиз.

Кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу планында дене тарбия боюнча адистерди даярдоонун мындан аркы өнүгүүсүнүн келечеги коомдогу дени сак, ишке жөндөмдүү, психологиялык жана эмоционалдык туруктуу, кыймылдык-булчуңдук жактан өнүккөн, кесиптик билим жана билгичтиктин азыркы талаптагы деъгээлине ээ болгон, турмушта өзүнүн акыл-эстик менен кыймыл-аракеттик потенциалын түшүнүү жана чыгармачылык менен пайдаланууну билген муундун талаптары менен байланышкан.

Болочок дене тарбия мугалимдеринин жекече кесиптик компетенттүүлүгүнүн түзүмүндө төмөнкү бөлүмдөрдү бөлүү керек:

1) Себептүү-баалуулук – өзүнүн маданий компетенттүүлүгүн калыптандырууда, өзүн өзү тарбиялоодо баалуулукка жана талапка анын болочок кесиптик ишмердүүлүгүнө карата мамилесин алдына алган себепти, максатты, студенттин баалуулук бекитүүсүн камтыйт;

2) Когнитивдүү – маданият жөнүндөгү билимдин жыйындысын мүнөздөйт, маданий компетенттүүлүктүн өзүн тарбиялоо ыкмасы жана манызы; билимди жалпылоого жана түзүмдөштүрүүгө шыктуулук;

3) Ишмердүүлүктүү – аралаш-маданий тыкандуулукка чет тилдүү маданиятты алып жүрүүчүлөр менен биргелешүүнү билүүнү болжолдойт, өзүн таануу куралдарын жана башкалардын өзүнүн өнүгүшүн берүү, жекече ишмердүүлүгүн жана өзүн алып жүрүүсүн кабылдоо;

4) Эмоционалдуу – баалуулуктун социалдык жана өздүк маанилүүлүгүнө таянуу менен педагогикалык өзгөрүүлөрдү оң баалоого шарт түзүү, башканын ички дүйнөсүн кабылдай билүү жана аны менен өзүңдү салыштыруу.

Саналып өткөн компоненттер болочок дене тарбия мугалимдеринин кесиптик компетенттүүлүгүнүн андан аркы өнүгүүсүнө таянган база болот.

Мындай алганда, «кесиптик компетенттүүлүк» түшүнүгүн изилдөөдө ар түрдүү окумуштуулардын тыянактарын салмактап көрүп, дене тарбияны илим катары жана окуу сабагы катары эсепке алып, биз мындай жыйынтыкка келебиз: *дене тарбия мугалиминин кесиптик компетенттүүлүгү* – бул дене тарбия тармагындагы кесиптик ишмердүүлүктүн негизги түрлөрүндөгү типтүү тапшырмаларды чечүү поцессинде сапаттуу жыйынтыкка жетүүгө мүмкүндүк берген кесиптик, коммуникативдик жана өздүк мазмундарынын ийкемдүү дал келүүлөрүн камтыган, адамдын комплекстүү мүнөздөмөсү [2, 3].

Болочок дене тарбия мугалиминин ишмердүүлүгү бир эле учурда өзгөртүүчү жана башкаруучу болуп эсептелет. Адамдын өнүгүүсүн башкаруу үчүн компетенттүү болуш

керек. Педагогдун кесиптик компетенттүүлүгү педагогикалык ишмердүүлүктү ишке ашырууга анын теориялык жана тажрыйбалык даярдыгынын бирдиктүүлүгүндө айтылат жана анын кесипкөйлүгүн мүнөздөйт.

Педагогдун кесипкөй компетенттүүлүгүнүн негизги компоненттери:

- социалдык-укуктук компетенттүүлүк – коомдук институттар жана адамдар менен алакалашуу чөйрөсүндөгү билим жана билгичтик, ошондой эле кесиптик сүйлөшүү ыкмаларына ээ болуу;
- жекече компетенттүүлүк – туруктуу кесиптик өсүшкө жөндөмдүүлүк, эмгекте өзүъдү жайгаштыруу;
- атайын компетенттүүлүк – ишмердүүлүктүн белгилүү түрлөрүн өз алдынча аткарууга даярдык (анын ичинде дене тарбия жана спорт тармагында);
- аутокомпетенттүүлүк – өзүнүн социалдык-кесиптик мүнөздөмөлөрү жөнүндө акыл-эстүү элестетүү;
- өзгөчө кырдаалдагы компетенттүүлүк – кокустан кыйчалыштаган шарттарда аракет кылуу жөндөмдүүлүгү.

Педагогикалык ЖОЖдун башкы максаты – өсүп келе жаткан жаштарды чыгармачыл адамды окутуу жана тарбиялоо. Студенттердин маанилүү кесиптик сапаттарын жана кеъири маанидеги өздүк маданиятын калыптандыруу менен гана ага жетүүгө болот.

Мугалимдик маданият – бул педагогикалык процесстин шартында атайын жалпы маданиятты көрсөтүү. Мугалимдик маданият өзүнүн мазмунунда маданияттын дүйнө таануучулук, каада-салттык, кесиптик, эмоционалдык, табигый, дене тарбиялык жана тазалык жактарын камтыйт.

Ар бир мугалим өзүнүн кесиптик ишмердүүлүгүндө күнүгө окуучуларына сөзү, иши, сырткы келбети (көрүнүшү) менен сергек жашоо мүнөзүнүн үлгүлөрүн көрсөтүшкө милдеттүү. Так ушул себептүү, дене тарбия тармагынын ар бир мугалими – тарбиячысынын - кесиптик компетенттүүлүгүнүн зарылдыгы ишенимсиз ойлорду жаратпайт.

Болочок мугалимдин дене тарбиялык маданияты – бул келечек окуучулардын дене тарбиялык баалуулуктарын түшүнүүгө жана синирип алуусуна багытталган дене тарбиялык, ошондой эле педагогикалык ишмердүүлүктүн пикир алышуусунда жана ар түрдүү түрлөрүндө жеке чыгармачылык менен өзүн өзү өнүктүрүшүнүн ыкмасы жана чеги [4].

Педагогикалык билим дене тарбия тармагындагы болочок мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүгүнүн өнүгүшү менен байланышкан тартиптердин жыйындысын изилдөөнү алдын алат. Окуу мерчемдерине жана программаларына ылайык, бул: дене тарбиялык тарбиялоо, ошондой эле, анатомия, жалпы жана жаш-курактык физиология менен психология, валеология, тазалык, педагогика жана дене тарбия жөнүндө түшүнүк берген жана студенттердин дүйнө таанымын калыптандырган тартиптердин катары (укук таануу, маданият таануу, тарых ж.б.).

Студенттердеги дене тарбиялык өнүгүүнү оптималдаштыруу алардагы артта калган дене тарбиялык сапаттардын жана морфофункционалдык көрсөткүчтөрүн (далы сөөктүн түзүлүшүн жакшыртуу, дененин салмагын тууралоо, өпкөнүн жашоо көлөмүн чонойтуу ж.б.) денгээлин жогорулатууга багытталышы керек. Машыгуучулардын морфофункционалдык маалыматтарын баалоо адабиятта бар стандарттык дене тарбиялык өнүгүү, дене тарбиялык өнүгүү гармониясынын денгээлин баалоо таблицасы, индекс усулун пайдалануу ж.б. менен жеке көрсөткүчтөрдү салыштыруу негизине жүргүзүлөт.

Белгилүү болгондой, адамдын курагы анын психологиясына, жүрүм турумуна, кызыкчылыктарына из калтырат. Социалдык изилдөөлөр студенттик жаштар жалпысынан дене тарбия, спорт менен машыгууларга демилгелүү мамиле кылышаарын көрсөттү. Аны

менен бирге өспүрүмдөрдүн көпчүлүк бөлүгүндө жана өзгөчө кыздарда дене тарбиялык-спорттук кызыкчылыктары менен табигый активдүү кыймылдуу ишмердүүлүккө талабы калыптанган эмес. Мындай кырдаалдын күчүндө сабакка окуу программасын мыкты өздөштүрүү үчүн зарыл болгон психологиялык колдонмолор түзүлбөй келет. Бул, өз кезегинде, студенттердин ден соолугуна жана дене тарбиялык даярдыгына терс таасир берет. Мына ошондуктан ишмердүүлүктүн ылайыктуу жүрүштөрүн педагогикалык тапшырмалардын маанилүүлөрүнүн бири катары карашыбыз керек. Студенттердин дене тарбия-спорттук кызыгуусунун өнүгүүсү төмөнкү негиздерде ишке ашат:

- кызыгуунун социалдык маанилүү жүрүштөрүн күчөтүү;
- окуу процессинин сапатын жогорулатуу;
- дене тарбиялык тарбиялоо боюнча сабактардын шарттарын мындан ары жакшыртуу;
- студенттерде чон көлөмдөгү адистик билимди өздөштүрүү жана дене тарбия менен спорт сабактарында (анын ичинде улуттук) түшүнгөн талаптарды калыптандыруу;
- студенттердин башка кызыгуулары (адистикке, искусствого, спорттун улуттук түрлөрүнө ж.б.) менен дене тарбия жана спортко болгон кызыкчылыктардын байланыштарын бекемдөө;
- студенттерди окуу бөлүмдөрү жана спорттун түрлөрү боюнча бөлүштүрүүдө алардын каалоолоруна жана кызыгууларына көбүрөөк маани берүү менен эсептешүү.

Студенттерди дене тарбиялоо менен окутуу өзүнө кийинки негизги багыттарды камтыйт: жалпы даярдоочулук, спорттук, адистик-кошумчалоо, гигиеналык, саламаттыкты чыңдоо – рекреациялоо, дарылоочулук.

Жалпы даярдоочулук багыты студенттерди бүт тараптуу дене тарбиялык даярдык жана мамлекеттик дене тарбия программасынын талаптарынын денгээлинде кармап туруу менен камсыз кылат. Каражаттар: нерселерсиз жана нерселер менен жалпы өнүгүүчү көнүгүүлөр, женил атлетика, сууда сүзүү, лыжа тебүү, туризм ж.б.

Спорттук багыт секцияларда спорттун бир түрүнөн (анын ичинде улуттук) атайын адистешкен түзүмдөгү машыгуу, ошондой эле спорттук чеберчиликти жогорулатуу максатында спорттук мелдештерге катышууну камсыздайт. Атайын кошумчаланган багыт эмгекти илимий уюштуруу түзүмүндө, ошондой эле иштин өзгөчүлөгөн эсепке алуу менен адистикти тандоо боюнча ага даярдык көрүүдө дене тарбия каражаттарын колдонууну шарттайт.

Гигиеналык багыты ишке жөндөмдүүлүктү калыптандыруу жана ден соолукту чыңдоо үчүн дене тарбия каражаттарын колдонууну көздөйт. Каражаттар: таңкы гигиеналык көнүгүүлөр (гимнастика), окуунун жана эс алуунун рационалдуу тартиби, гигиена талаптары менен тамактануунун ылайыкташуусу, сейилдөөлөр ж.б.

Саламаттыкты чыңдоо – рекреациялоо багыты ден соолукту чыңдоо үчүн дем алыш күндөрү жана каникул учурунда эс алууну уюштурууда жана маданий эс алууда дене тарбия каражаттарын пайдаланууну көздөйт. Каражаттар: туристтик жүрүштөр, экскурсиялар, шамдагай кыймылдуу оюндар ж.б.

Дарылоо багыты сокку алуудан же оорунун натыйжасында начарлап кеткен организмдин толук же функциялык бир бөлүгүн калыбына келтирүүнү камсыздайт.

Ишмердүүлүктүн бүткүл бул түрлөрү аларды сабаттуулук менен өтүүдө кесиптик эмес дене тарбиялык билим берүүнү, ошондой эле ден соолук маселелеринде адистик компетенттүүлүктү, спорттук жана дене тарбиялык ишмердүүлүктү, сергек жашоону калыптандырууга багытталышы керек.

Болочок педагог дене тарбия багытында жетишээрлик компетенттүү болушу үчүн дене тарбия анын жекече баалуулугу болуусу зарыл. Демек, анын компетенттүүлүгү канчалык жогору болсо, ал анын кесиптик, коомдук ишмердүүлүк жашоо образына ошончолук байланыштуу болот. Ар бир мугалим − окутуучу, өзгөчө, башталгыч

класстардын мугалими өзүнүн кесибинде окуучуларды дене тарбиялык окутуу боюнча ишмердүүлүк жүргүзөт. Булар: окуу күнүнүн тартибиндеги дене тарбиялык–ден соолукту чыңдоочу иш чаралар, дене тарбия сабактары, дене тарбия жана спорт менен сабактан сырткары машыгуулар, жалпы мектептик массалык дене тарбия жана спорттук иш-чаралар, дене тарбия боюнча мектептен сырткаркы иштер.

Тилекке каршы, биздин өлкөнүн көпчүлүк ЖОЖдорунда материалдык-техникалык база мыкты эмес, инвентарлар жана шайман-жабдыктар жетишсиз, билим берүү мекемесинин жетекчилиги улуттун дени сактыгы үчүн «дене тарбия» сабагынын маанилүүлүгүн тийиштүү денгээлде биле беришпейт. Кимде ким өзү физикалык жана ички дүйнөлүк жактан дени сак болсо гана ал татыктуу адамды тарбиялай аларын унутпашыбыз керек. Дене тарбия кафедрасы, спорттук клубдар, жогорку окуу жайлардын жетекчилери өздүк саламаттыгын калыптандырган дене тарбия дисциплинасы боюнча окуу процессин модернизациялоодогу демилгени көтөрүш керек.

**Адабияттар:**

1. Бекбоев И.Б. К вопросу модернизации содержания образования на культуролого-компетентностей основе //Известия Кыргызской академии образования; 2011, № 4(20). - С. 26-30.
2. Виленский М.Я., Черняев В.В. Современные подходы к проектированию гуманитарно-педагогического образования по физической культуре //Педагогическое образование и наука. - № 3, 2003. - С. 4-10.
3. Перевозчиков А.С., Шапошникова М.И. Оздоровительный потенциал двигательной активности студентов нефизкультурных вузов // Физическая культура: воспитание, образование, тренировка. 2008, № 1, - С. 59-61.
4. Сластенин В.А. Педагогическое образование: вызовы XXI века. – М., 2010.
5. Сулайманов С.Э. Студенттердин дене тарбиясына компетенттүү мамилени ишке ашыруунун дидактикалык аспектилери // Материалы Международного конгресса «Спорт за интеллектуальное и нравственное развитие». - Чолпон-Ата, 2012. - С. 310-312.